**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ
КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК
КОМПЛЕКСИН
ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА
ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ
ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ
ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО
КОМПЛЕКСА ПРИ
МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

2024-ж 30-августундагы № 136 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2022-жылдын 6-октябрындагы № 186 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин жөнгө салуусуна жаткан Кыргыз Республикасынын табигый монополияларынын субъекттеринин мамлекеттик реестрин бекитүү жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

«Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-июлундагы № 488 «Кыргыз Республикасынын табигый монополиялар субъекттеринин мамлекеттик реестрин түзүү жана жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2022-жылдын 6-октябрындагы № 186 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин жөнгө салуусуна жаткан Кыргыз Республикасынын табигый монополияларынын субъекттеринин мамлекеттик реестрин бекитүү жөнүндө» буйругуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда көрсөтүлгөн буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментин жөнгө салуусуна жаткан

Кыргыз Республикасынын табигый монополияларынын субьекттеринин мамлекеттик реестринин:

«Жылуулук энергиясы» бөлүмү:

- төмөндөгүдөй мазмундагы 19, 20 – пункттар менен толукталсын:

«

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 19. | «Бишкек жылуулук тармагы» МИ | жылуулук энергиясын берүү бөлүштүрүү жана сатуу | бааны жөнгө салуу | Бишкек ш. | Бишкек ш., Жукеев-Пудовкин көч., 2/1 |
| 20. | «Жылуу Түштүк» ЖЧК | жылуулук энергиясын өндүрүү, бөлүштүрүү жана сатуу | бааны жөнгө салуу | Ош ш. | Ош ш., Толойкон кичи район, 1-үй, 22-б. |

»;

2. Маалымат катчы буйрукка кол коюлган күндөн тартып 10 күндүн ичинде реестрди жалпыга тааныштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

3. Мониторинг жана комплекстүү талдоо бөлүмү Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменттин жөнгө салуусуна жаткан Кыргыз Республикасынын табигый монополияларынын субьектеринин мамлекеттик реестриндеги өзгөртүүлөр тууралуу ишкердик субъектерге мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө кабарласын.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**